Нарзан айылдык кеңешинин
2026-жылдын «___» _____
№ ____ токтомуна 1-тиркеме

ЖОБО

Нарзан айыл аймагынын калктуу конуштарындагы проспекттерге, аллеяларга, аянттарга, шаардык жана айылдык парктарга, бульварларга, көчөлөргө аталыш ыйгаруу жана алардын аталыштарын өзгөртүү тартиби жөнүндө

I. Жалпы жоболор

1. Ушул Жобо Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасындагы географиялык аталыштар жөнүндө» Мыйзамына, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 25-мартындагы № 149 токтому менен бекитилген Географиялык объекттерге ат коюу, алардын аталыштарын өзгөртүү, географиялык аталыштарды эсепке алуу жана каттоо тартиби жөнүндө жобого, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин алдындагы Кыргыз Республикасынын көрүнүктүү ишмерлеринин элесин түбөлүккө калтыруу боюнча комиссия жөнүндө жобого жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 6-майындагы № 244 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын көрүнүктүү ишмерлеринин элесин түбөлүккө калтыруу жөнүндө чечимдерди кабыл алууда колдонулуучу тандоо критерийлерине, аларга киргизилген кийинки өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду эске алуу менен ылайык иштелип чыкты.

2. Ушул Жобо Нарзан айыл аймагынын калктуу конуштарындагы проспекттерге, аллеяларга, аянттарга, шаардык жана айылдык парктарга, бульварларга, көчөлөргө жана көчөчөлөргө аталыш ыйгаруунун жана алардын аталыштарын өзгөртүүнүн бирдиктүү тартибин, ошондой эле тиешелүү сунуштарды киргизүү, кароо жана коомдук талкуулоо тартибин белгилейт.

3. Аталыштарды ыйгаруунун негизги талаптары болуп төмөнкүлөр саналат:

- тиешелүү аймактын географиялык, тарыхый, маданий, шаар куруу жана башка өзгөчөлүктөрүнө шайкеш келиши;
- тиешелүү аймактын эң маанилүү жекече өзгөчөлүктөрүн чагылдыруусу;
- угумдуу жана айтууга ыңгайлуу болушу;
- мамлекеттик жана расмий тилдердин адабий ченемдерине ылайык келиши;
- Нарзан айыл аймагынын чегинде мурда эле колдонулуп жаткан аталыштардын кайталанышына жол берилбеши;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына ылайык келиши.

4. Аталыштар Нарзан айыл аймагынын калктуу конуштарында жаңыдан түзүлгөн же мурда аталышы болбогон проспекттерге, аллеяларга, аянттарга, шаардык жана айылдык парктарга, бульварларга, көчөлөргө ыйгарылат.

5. Аталыштарды тандоодо төмөнкүлөрдү чагылдырган аталыштарга артыкчылык берилиши мүмкүн:

1. кыргыз элинин улуттук тарыхын, маданиятын жана каада-салттарын;
2. тиешелүү калктуу конуш, Нарзан айыл аймагы же Кыргыз Республикасы үчүн маанилүү болгон тарыхый окуяларды жана фактыларды;
3. тиешелүү аймактын географиялык, жаратылыштык жана башка өзгөчөлүктөрүн;
4. тиешелүү калктуу конушка же Нарзан айыл аймагына түздөн-түз сиңирген эмгеги документтер менен ырасталган, анын өнүгүшүнө жана жергиликтүү калктын жашоо шарттарын жакшыртууга олуттуу салым кошкон адамдардын ысымдарын.

Нарзан айыл аймагынын жергиликтүү коомчулугунун алдында олуттуу эмгеги бар жана Кыргыз Республикасынын көрүнүктүү ишмерлеринин категориясына кирбеген адамдардын ысымдарын объекттерге ыйгарууда ушул Жобонун V бөлүмүндө белгиленген жергиликтүү критерийлер колдонулат.

II. Аталыш ыйгаруу жана аталышын өзгөртүү жөнүндө сунуштарды киргизүүнүн тартиби

6. Нарзан айыл аймагынын калктуу конуштарындагы проспекттерге, аллеяларга, аянттарга, шаардык жана айылдык парктарга, бульварларга, көчөлөргө жана көчөчөлөргө аталыш ыйгаруу же алардын аталышын өзгөртүү жөнүндө сунуштарды төмөнкүлөр киргизе алат:

- Нарзан айыл аймагынын аймагында жашаган жери боюнча катталган Кыргыз Республикасынын жарандары;
- жарандардын демилгелүү топтору;
- жергиликтүү коомчулук;
- коомдук уюмдар;
- Нарзан айыл аймагынын аймагында катталган жана иш жүргүзгөн юридикалык жактар.

7. Жарандардын объектке аталыш ыйгаруу же анын аталышын өзгөртүү боюнча демилгеси Нарзан айыл аймагынын аймагында жашаган жери боюнча катталган кеминде 30 (отуз) жарандын демилгелүү тобу тарабынан жүзөгө ашырылат.

8. Аталыш ыйгаруу же аталышын өзгөртүү жөнүндө сунуштар демилгечилер тарабынан жазуу жүзүндө Нарзан айыл өкмөтүнүн башчысынын атына киргизилет.

9. Демилгечилер төмөнкү документтерди берет:

1. объектке аталыш ыйгаруу же анын аталышын өзгөртүү жөнүндө өтүнүч;
2. сунушталган аталыштын негиздемеси;
3. сунушталган аталыш жөнүндө маалымат;
4. тиешелүү объекттин жайгашкан жерин көрсөткөн карта-схема;
5. демилгечилер жөнүндө маалымат, алардын даректери жана байланыш маалыматтары;
6. демилгелүү топ кайрылган учурда — кол коюу баракчасы;
7. жеке адамдын ысымын сунуштаган учурда — ал адам жөнүндө биографиялык маалыматтар, анын эмгеги жана жетишкендиктери жөнүндө маалыматтар жана аларды ырастоочу документтер;
8. сунушту кароо үчүн мааниге ээ болгон башка документтер жана материалдар;
9. адамдын элесин түбөлүккө калтыруу сунушталган учурда — анын эмгегин, жетишкендиктерин, тиешелүү аймактын өнүгүшүнө кошкон салымын ырастоочу документтер, зарыл учурларда туугандык мамилелерди ырастоочу документтер, үй-бүлө мүчөлөрүнүн макулдугу жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык башка маалыматтар кошумча берилет.

III. Сунушту кароо, жашоочулардын жыйынын өткөрүү жана калктын пикирин эске алуу тартиби

11. Түшкөн өтүнүч келип түшкөн күндөн тартып 3 (үч) жумушчу күндүн ичинде калкка маалымдоо үчүн Нарзан айыл өкмөтүнүн расмий сайтына жайгаштырылат.

Өтүнүчтү коомдук талкуулоо расмий сайтка жайгаштырылган күндөн тартып бир айдын ичинде жүргүзүлөт. Көрсөтүлгөн мөөнөттүн ичинде жашоочулар каралып жаткан маселе боюнча сын-пикирлерин, сунуштарын жана пикирлерин билдирүүгө укуктуу.

Зарыл болгон учурда түшкөн өтүнүч жөнүндө маалымат социалдык тармактарда, маалыматтык ресурстарда, WhatsApp-топторунда жана калкты маалымдоонун башка жеткиликтүү каражаттарында кошумча жайгаштырылышы мүмкүн.

12. Өтүнүч расмий сайтка жайгаштырылган күндөн тартып бир айдын ичинде Нарзан айыл өкмөтүнүн башчысы тиешелүү калктуу конуштун же аталышы ыйгарылуучу же аталышы өзгөртүлүүчү объект менен түздөн-түз байланышкан аймактын жашоочуларынын жыйынын өткөрүүнү уюштурат.

Нарзан айыл өкмөтүнүн башчысы жок болгон учурда жыйынды Нарзан айыл өкмөтүнүн башчысынын орун басары уюштурат.

13. Тиешелүү калктуу конуштун же аймактын жашоочуларына жыйын өткөрүлө тургандыгы алдын ала билдирилип, анда төмөнкүлөр көрсөтүлөт:

1. өткөрүлө турган күн жана убакыт;
2. өткөрүлө турган жер;
3. кароого коюлуучу маселе;
4. сунушталган аталыш;
5. сунуштун негиздемесинин кыскача мазмуну.

14. Жашоочулардын жыйынында тиешелүү объектке аталыш ыйгаруу же анын аталышын өзгөртүү маселеси каралат.

Эгер объектке жеке адамдын ысымын ыйгаруу сунушталса, жыйында кошумча төмөнкү маселелер каралат:

1. адам жөнүндө биографиялык маалыматтар;
2. анын эмгеги жана жетишкендиктери;
3. адамдын тиешелүү калктуу конушка же Нарзан айыл аймагына байланышы;
4. анын эмгегин ырастоочу документтер;
5. ушул Жободо белгиленген критерийлерге шайкештиги.

15. Аталыш ыйгаруу же аталышын өзгөртүү маселеси боюнча жашоочулардын пикири ачык талкуулоо жана добуш берүү жолу менен аныкталат, эгерде Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында башка тартип белгиленбесе.

16. Жыйындын жыйынтыгы протокол менен тариздедет.

Протоколдо төмөнкүлөр көрсөтүлөт:

1. жыйын өткөрүлгөн күн, убакыт жана жер;
2. төрагалык кылуучу жана катчы жөнүндө маалымат;
3. катышкан жашоочулардын саны;
4. кароого коюлган маселе;
5. катышуучулардын негизги сунуштары, сын-пикирлери жана пикирлери;
6. талкуунун жыйынтыктары;
7. «макул», «каршы» жана «калыс» добуштардын саны көрсөтүлгөн добуш берүүнүн жыйынтыктары;
8. каралып жаткан маселе боюнча жашоочулардын жыйынтык пикири.

Протоколго жыйындын төрагасы жана катчысы кол коёт.

17. Жыйындын протоколу, коомдук талкуунун материалдары, ошондой эле расмий сайт жана калкты маалымдоонун башка каражаттары аркылуу келип түшкөн жашоочулардын сын-пикирлери, сунуштары жана пикирлери өтүнүчтүн материалдарына тиркелет.

18. Жашоочулардын жыйыны өткөрүлүп, анын жыйынтыгы таризделгенге чейин тиешелүү объектке аталыш ыйгаруу же анын аталышын өзгөртүү маселеси Нарзан айылдык кеңешинин кароосуна жөнөтүлбөйт, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында башка тартип түздөн-түз белгиленген учурларды коспогондо.

IV. Чыгымдарды эсептөө жана материалдарды айылдык кеңешке жөнөтүү

19. Географиялык объектке аталыш ыйгарууга же анын аталышын өзгөртүүгө байланышкан чыгымдар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык аныкталат. Зарыл болгон учурда тиешелүү чыгымдардын эсеби Нарзан айылдык кеңешинин кароосуна жөнөтүлүүчү материалдарга тиркелет.

20. Чыгымдардын эсеби объектке аталыш ыйгарууга же анын аталышын өзгөртүүгө байланышкан иш-чаралардын, анын ичинде тиешелүү көрсөткүчтөрдү, тактайчаларды даярдоо жана орнотуу жана башка зарыл чыгымдардын наркын аныктоо үчүн жүргүзүлөт.

21. Географиялык объекттин аталышын өзгөртүүгө байланышкан чыгымдар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте демилгечинин эсебинен жүргүзүлөт.

Жаңы аталыш ыйгарылган учурда чыгымдар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына жана ыйгарым укуктуу органдын чечимине ылайык жүргүзүлөт.

22. Ушул Жободо каралган жол-жоболор жүргүзүлгөндөн кийин өтүнүч боюнча материалдар Нарзан айылдык кеңешинин кароосуна киргизүү үчүн түзүлөт.

23. Нарзан айылдык кеңешине төмөнкү материалдар жөнөтүлөт:

1. демилгечилердин өтүнүчү;

2. ушул Жободо каралган документтер жана материалдар;
3. тиешелүү объекттин карта-схемасы;
4. эгерде объектке жеке адамдын урматына аталыш ыйгаруу же аталышын өзгөртүү сунушталса, анын эмгегин ырастоочу документтер;
5. жашоочулардын жыйынынын протоколу;
6. коомдук талкуунун материалдары, анын ичинде келип түшкөн сын-пикирлер, сунуштар жана пикирлер;
7. мыйзамдарда каралган учурда зарыл чыгымдардын эсеби;
8. чечим кабыл алуу үчүн мааниге ээ болгон башка документтер.

24. Нарзан айылдык кеңеши берилген материалдарды Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын, ушул Жобонун талаптарын жана коомдук талкуунун жыйынтыктарын эске алуу менен карайт.

25. Материалдарды кароонун жыйынтыгы боюнча Нарзан айылдык кеңеши Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен берилген ыйгарым укуктарынын чегинде тиешелүү чечим кабыл алат.

V. Нарзан айыл аймагынын жергиликтүү коомчулугунун алдында эмгеги бар адамдарды тандоонун жергиликтүү критерийлери

26. Нарзан айыл аймагынын жергиликтүү коомчулугунун алдында эмгеги бар адамдардын урматына проспекттерге, аллеяларга, аянттарга, шаардык жана айылдык парктарга, бульварларга, көчөлөргө жана көчөчөлөргө аталыш ыйгаруу же алардын аталышын өзгөртүү өлгөн адамдардын элесин гана түбөлүккө калтыруу максатында жана алардын тиешелүү калктуу конуштун же Нарзан айыл аймагынын өнүгүшүнө кошкон олуттуу салымын эске алуу менен жүргүзүлөт.

27. Объектке адамдын ысымын ыйгаруу же анын урматына объекттин аталышын өзгөртүү жөнүндө сунушту кароодо төмөнкү негизги критерийлер эске алынат:

1. жергиликтүү коомчулуктун алдында адамдын конкреттүү жана документтер менен ырасталган эмгегинин болушу;
2. тиешелүү калктуу конуштун же Нарзан айыл аймагынын социалдык-экономикалык, маданий, билим берүү, саламаттык сактоо, спорт, коомдук же башка тармактардагы өнүгүшүнө олуттуу салым кошуусу;
3. калк үчүн узак мөөнөттүү мааниге ээ болгон ишмердигинин конкреттүү натыйжаларынын болушу;
4. адамдын ишмердигинин тиешелүү калктуу конушка же Нарзан айыл аймагына түздөн-түз байланышы;
5. адамдын ишмердигинин коомдук маанилүүлүгү;
6. адамдын өмүр баянын, ишмердигин, жетишкендиктерин жана эмгегин ырастаган документтердин болушу;
7. тиешелүү калктуу конуштун жашоочуларынын арасында адамдын ишмердиги жана эмгеги жөнүндө эс-тутумдун сакталышы;
8. адамдын элесин түбөлүккө калтырууга Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык тоскоолдук кылуучу жагдайлардын жоктугу.

28. Адамдын эмгегинин маанилүүлүгүн аныктоодо кошумча төмөнкүлөр эске алынат:

1. анын Нарзан айыл аймагынын аймагында жашаган, иштеген же башка ишмердик жүргүзгөн мезгилинин узактыгы;
2. калктуу конушту түзүүгө, өнүктүрүүгө же көрктөндүрүүгө катышуусу;
3. билим берүү, саламаттык сактоо, маданият, спорт жана социалдык инфраструктураны өнүктүрүүгө кошкон салымы;
4. айыл чарбасын, экономиканы, ишкердикти жана калкты иш менен камсыз кылууну өнүктүрүүгө кошкон салымы;
5. коомдук турмушка жана жергиликтүү коомчулукту өнүктүрүүгө катышуусу;
6. калк үчүн маанилүү болгон долбоорлорду түзүүгө же ишке ашырууга катышуусу;

V. Местные критерии отбора лиц, имеющих заслуги перед местным сообществом Нарзанского айылного аймака

26. Присвоение или переименование проспектов, аллей, площадей, городских и сельских парков, бульваров, улиц и переулков в честь лиц, имеющих заслуги перед местным сообществом Нарзанского айылного аймака, осуществляется только в память об умерших лицах и с учетом их значимого вклада в развитие соответствующего населенного пункта либо Нарзанского айылного аймака.

27. Для рассмотрения предложения о присвоении или переименовании объекта в честь лица учитываются следующие основные критерии:

1. наличие конкретных и документально подтвержденных заслуг лица перед местным сообществом;
2. существенный вклад лица в социально-экономическое, культурное, образовательное, медицинское, спортивное, общественное или иное развитие соответствующего населенного пункта либо Нарзанского айылного аймака;
3. наличие конкретных результатов деятельности лица, имеющих долговременное значение для населения;
4. непосредственная связь деятельности лица с соответствующим населенным пунктом или Нарзанским айылным аймаком;
5. общественная значимость деятельности лица;
6. наличие документальных материалов, подтверждающих биографию, деятельность, достижения и заслуги лица;
7. сохранение памяти о деятельности и заслугах лица среди жителей соответствующего населенного пункта;
8. отсутствие обстоятельств, препятствующих увековечению памяти лица в соответствии с законодательством Кыргызской Республики.

28. При определении значимости заслуг лица дополнительно учитываются:

1. продолжительность его проживания, работы или иной деятельности на территории Нарзанского айылного аймака;
2. участие в создании, развитии или благоустройстве населенного пункта;
3. вклад в развитие образования, здравоохранения, культуры, спорта и социальной инфраструктуры;
4. вклад в развитие сельского хозяйства, экономики, предпринимательства и занятости населения;
5. участие в общественной жизни и развитии местного сообщества;
6. участие в создании или реализации проектов, имеющих значение для населения;
7. наличие государственных, ведомственных, муниципальных наград, грамот, благодарностей и иных форм официального признания заслуг;
8. наличие архивных материалов, публикаций и иных достоверных сведений, подтверждающих значимость деятельности лица.

29. Само по себе соответствие лица одному из указанных критериев не является достаточным основанием для присвоения или переименования объекта в его честь.

При рассмотрении предложения учитывается совокупность подтвержденных обстоятельств, значимость деятельности лица для местного сообщества, результаты общественного обсуждения и требования законодательства Кыргызской Республики.

30. В случае отказа в присвоении или переименовании объекта в честь конкретного лица повторное внесение и рассмотрение кандидатуры этого лица для присвоения имени объектам на территории Нарзанского айылного аймака не допускается.

31. Не является достаточным основанием для присвоения или переименования объекта в честь лица только факт:

1. занятия им государственной или муниципальной должности;
2. работы в органах государственной власти или местного самоуправления;
3. проживания на территории Нарзанского айылного аймака без наличия подтвержденных значимых заслуг;
4. наличия родственных, дружеских или иных личных отношений с инициаторами;
5. оказания разовой или кратковременной материальной помощи населению;
6. личного мнения отдельных граждан при отсутствии документального подтверждения заслуг.

32. При рассмотрении кандидатуры лица учитывается его связь с соответствующим населенным пунктом, в том числе проживание, трудовая, общественная, культурная, образовательная, хозяйственная или иная деятельность.

33. Предложения о присвоении или переименовании объектов в честь лиц, относящихся к категории выдающихся деятелей Кыргызской Республики, рассматриваются с соблюдением требований законодательства Кыргызской Республики, Положения о Комиссии по увековечению памяти выдающихся деятелей Кыргызской Республики при Кабинете Министров Кыргызской Республики и Критериев отбора, утвержденных постановлением Правительства Кыргызской Республики от 6 мая 2013 года № 244, с учетом последующих изменений и дополнений.

34. В отношении лиц, относящихся к категории выдающихся деятелей Кыргызской Республики, присвоение или переименование объектов в их честь осуществляется с соблюдением установленного законодательством срока после смерти лица, который составляет пять лет, за исключением случаев, когда законодательством Кыргызской Республики установлен иной срок или исключение.

35. В отношении лиц, имеющих значимые заслуги непосредственно перед местным сообществом Нарзанского айылного аймака и не относящихся к категории выдающихся деятелей Кыргызской Республики, присвоение или переименование объекта в их честь допускается не ранее чем по истечении двух лет со дня смерти лица.

Предложение о присвоении или переименовании объекта в честь такого лица должно сопровождаться письмом органа местного самоуправления, инициирующего рассмотрение вопроса, с указанием оснований для увековечения памяти и конкретного значимого вклада лица непосредственно в развитие соответствующего населенного пункта или Нарзанского айылного аймака.

VI. Требования к наименованиям и переименованиям

36. Новые наименования не должны дублировать уже существующие наименования объектов в пределах соответствующего населенного пункта и Нарзанского айылного аймака.

37. Не допускается присвоение объектам наименований, которые:

1. противоречат законодательству Кыргызской Республики;
2. содержат оскорбительные, унижающие либо дискриминационные выражения;

3. могут вводить население в заблуждение относительно расположения или назначения объекта;
4. не соответствуют установленным требованиям к географическим названиям.

38. При переименовании объекта учитываются историческое наименование объекта, историко-культурное значение существующего названия, мнение населения и иные обстоятельства, предусмотренные законодательством Кыргызской Республики.

39. При переименовании объекта должно быть приведено обоснование необходимости переименования.

VII. Присвоение наименований на государственном и официальном языках

40. Наименования проспектов, аллей, площадей, городских и сельских парков, бульваров, улиц и переулков оформляются на государственном и официальном языках в соответствии с законодательством Кыргызской Республики.

41. Написание наименований должно соответствовать установленным правилам государственного и официального языков и требованиям законодательства Кыргызской Республики.

VIII. Заключительные положения

42. Решение о присвоении наименования или переименовании соответствующего объекта принимается в порядке и пределах полномочий, установленных законодательством Кыргызской Республики.

43. После принятия соответствующего решения сведения о новом или измененном наименовании подлежат внесению в установленном законодательством порядке в соответствующие учетные и регистрационные документы.

44. Нарзан айыл окмоту обеспечивает организацию мероприятий, связанных с реализацией принятого решения, в пределах предоставленных полномочий и в соответствии с законодательством Кыргызской Республики.

45. В случае если настоящим Положением не урегулированы отдельные вопросы, связанные с присвоением наименований, переименованием, учетом и регистрацией географических названий, применяются нормы Закона Кыргызской Республики «О географических названиях в Кыргызской Республике», Положения о порядке наименования, переименования географических объектов, учета и регистрации географических названий, утвержденного постановлением Кабинета Министров Кыргызской Республики от 25 марта 2025 года № 149, Положения о Комиссии по увековечению памяти выдающихся деятелей Кыргызской Республики при Кабинете Министров Кыргызской Республики, Критериев отбора, используемых при принятии решений об увековечении памяти выдающихся деятелей Кыргызской Республики, утвержденных постановлением Правительства Кыргызской Республики от 6 мая 2013 года № 244, с учетом последующих изменений и дополнений, а также иные нормативные правовые акты Кыргызской Республики.

46. Контроль за соблюдением настоящего Положения осуществляется в соответствии с законодательством Кыргызской Республики.